**Канат Дербишев атындагы Талды-Булак орто мектебинин Мамлекеттик тилди өнүктүрүүнүн үч айлыгында өтүлгөн иш-чаралардын анализи.**

Канат Дербишев атындагы Талды-Булак орто мектебинде Мамлекеттик тилди өнүктүрүү боюнча үч айлыктын иш мерчеми түзүлүп,мугалимдерге тааныштырылды.

23-сентябрда Мамлекеттик тил күнүнө карата салтанаттуу тизим өтүлдү.

Тизимде мектептин кыргыз тили мугалими Бектурсунова Чолпон ,,Кыргыз тили-кыргыз элинин улуттук тили" деген темада баяндама окуду.

23-сентябрда ,,Мен Кыргызмын!"деген темада мектептин кыргыз тили жана адабияты мугалими Джаманкулова Алтынай 5-класс менен ачык тарбиялык саат өттү.Ачык тарбиялык саат ,,эң жакшы" деп бааланды. Ошол эле күнү Бектурсунова Чолпон ,,Тил-дүйнөнүн ачкычы"деген темада адабий кече өткөрдү.Кечеге бардык класстар катышышты.Берилген тапшырмалар аткарылды.Эскертүүлөр берилди.

Ар бир класс Мамлекеттик тил күнүнө карата дубал гезиттерди чыгарышкан.Ошондой эле улуттук буюмдарды жасап келишкен.

1.10.21-жылы ,,Макал-лакаптар,жаңылмачтар,табышмактар" кароосун мектептин кыргыз тили мугалими Бектурсунова Чолпон 6-7-класстардын окуучулары менен өткөрдү.Сынак абдан кызыктуу болду.7-класстын окуучулары 2упайга жогору балл алышты.7-класстын окуучулары жеңишке жетишишти.Катышкан окуучулар грамота менен сыйланышты.

7.10.21-жылы дене тарбия мугалими Асанбеков Турат агай улуттук аракет кылды.Айрым окуучулар шартты бузганы үчүн мугалимге эскертүү алды.

8.10.21-жылы мектептин китепканачысы Пузулуева Патма ,,Китеп-биздин досубуз" деген темада башталгыч класстар менен иш-чара өткөрдү.Окуучулар китепканадан алган чыгармалары боюнча кыскача айтып беришти. Китеп жөнүндө көркөм окуулар айтылды.

Мугалим окуучуларга китеп качан басылып чыккан, кандай болуп чыккан ошол жөнүндө кеңири маалымат берди. А.Осмоновдун ,,Ал китептин душманы" деген ыр сабын 4-класстын окуучусу Сатыбалдиева Анеля жогорку деңгээлде айтып берди. 18.10-22.10.21-жылы 5-11-класстар арасында жат жазуулар,дилбаяндар сынагы болуп өттү. Жат жазуу алганда 6-класстан 2 окуучу ,,2" деген баа алышты.Алар Муратбеков И.жана Дүйшөнбекова С. 9-класстан Аскарбеков Б. 11-класстан Айтыкулова А., Кубатова С. ,,2" деген баа алышты.

Сабак берген мугалимдер жекече иштөөнү күчөтүштү.

10.11.21. ,,Манас тануу" сынагын мектептин кыргыз тили мугалими Бектурсунова Чолпон өткөрдү. 10-класстын окуучулары менен өткөрдү.Балдар,,Эр Манас" тобу,кыздар ,,Каныкей"тобу болуп бөлүнүшкөн.

"Каныкей" тобу бардык бөлүмдөр боюнча ,,жакшы"даяданышкан. ,,Эр Манас" тобу берилген суроолорго толук жооп бере алышкан жок.Сынакта ,,Каныкей"тобу жеңишке жетишишти.

19.11.21.,,Көркөм окуу" сынагы болуп өттү.Сынакты мектептин кыргыз тили мугалими Джаманкулова Алтынай алып барды.

Сынакка 2-11-класска чейин катышышты.1-6-класска чейин окуучулар абдан жакшы даярданышкан. Мисалы: Саякбекова М.2-класстан ,3-класстан Азаматов Атай, 3-кл.Маликайдарова Фатима, 4-кл.Сатыбалдиева Анеля, 5-класстан Беккожоев Атай,Тынаев Самат,Канаева Зияда,Жумабекова Касиет, 6-класстан Тилекова Арууке,Мухамедкулова Умида,Элдосбекова Керемет ,,Эң

жакшы" көркөм айтышты.

23.11.21 Мамлекеттик тилди жыйынтыктоо болду. Жыйынтыктоону мектептин кыргыз тили мугалими Джаманкулова Алтынай 5-класстын окуучулары менен ,,Сармерден кыз жигит айтышын" өткөрдү.

5-класстын окуучулары активдүү катышышты. Кыздар менен балдар бардык бири-биринен калышпай тең тайлашып айтышышты.Бирок жаңылмачтан балдар жеңилип калышты.Суроолор берилгенде балдар тобу суроолорго көбүнө туура жооп беришип ,айтыштын акырында эки топ тең болуп калды.

Үч айлыкта иш мерчемдеги берилен тапшырмалардын баардыгы аткарылды.Үч айлыкта мыкты катышкан окуучуларга, класс жетекчилерге жакшы катышкандыгы үчүн ардак грамотасы менен сыйланышты.

**Кыргыз тили мугалими: Джаманкулова А.Дж.**